УДК 371.3/ 378.147.11 *О.Т.АБДЫЛДАЕВ,Н.Т. ЖАПАРОВ, Т.А. ӨМҮРКАНОВ*

***E-mail: ksucta@elcat.kg.***

# ДИСТАНТТЫК КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУНУН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН АНЫКТОО

*Макалада дистанттык ыкма менен квалификацияны жогорулатуунун артыкчылыгы, мүмкүнчүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү, ошондой эле окутуучу менен угуучунун ортосундагы окуу жараянын уюштуруу көйгөйлөрү каралган.*

*В статье рассматриваются особенности, возможности и достоинства дистантного повышения квалификации, а также проблемы организации процесса обучения между преподавателем и слушателем.*

*Staff development advantages opportonities and differences, organization of study process among the students and teachers are included in the article.*

Квалификацияны жогорулатууда дистанттык билим берүүнү өркүндөтүүнүн жана өздөштүрүүнүн системасын ишке киргизүүнүн актуалдуулугуна мүнөздөмө берсек:

- билим берүү системасында иштеген кызматкерлердин көпчүлүктөрүнүн (жер-жерлердеги райондун мекеме жетекчилери, мектептин мугалимдери, билим берүү системасында эмгектенгендер) өндүрүштөн тышкары өздөрүнүн квалификациясын жогорулатууда мүмүкүнчүлүктөрүнүн аздыгы;
- квалификацияны жогорулатуунун адаттагы формаларына окутуунун окутуучу менен угуучунун иштөө режимдери, окутуунун технологиялары жана мазмуну канаттандыраарлык эмистиги;
- квалификацияны жогорулатууда бирдиктүү системаны камсыз кылууда көп экономикалык чыгымдар, учурдагы окутуучу угуучуга жогорку сапаттагы билимди жеткире албастыгы.

Бир тарабынан караганда социалдык масштабда өзгөрүүлөрдү байкабаска болбойт: коомдун турмуштагы бардык ишмердүүлүк чөйрөсүн, ошондой эле билим берүү системасын компьютерлештирүү жана маалыматташтыруу азыркы учурдун талабына жооп бериши.

Квалификацияны жогорулатуу системасын ишке киргизүүнү Интернет, же дистанттык квалификацияны жогорулатуунун жардамы менен ишке ашыруу келечектин иши деп токтолбой - билим берүү системасын өнүктүрүү стратегиялык багыттардын бири катары алдыга жылуу талаптуу болуп эсептелет. Ал үчүн окутуунун дистанттык формасы кандай өзгөчөлүктөрдү берерин жана артыкчылыгын билүү зарыл.

Дистанттык окутуунун мурдагы формалардан (күндүзгү, сырттан) артыкчылыгы /1,3/ белгиленген. Дистанттык окутуу – бул сырттан билим берүүнүн жаңы тепкичи, анда персоналдык

компьютерди, видео аудиотехника, космостук жана опто булалык техниканын негизин пайдаланып, маалыматтык технологияларды колдонуу менен камсыз кылынат. Алып карасак:

- педагогикалык көз караш менен караганда окутуу бир топко мотивдүү жана интерактивдүү, технологиялык жана индивидуалдаштырылган болот;

- маалыматтык жактан алганда телеконференцияларда, WEB жана FTR-серверлерде, интерактивдүү WEB-каналдарда жана башкаларда INTERNET каражат тармактарынын жиберүү тизмектеринде билим берүү жана педагогиканын ыңгайлуу берилиши жогорулайт;

- коммуникациялык берүүлөрдө потенциалдык угуучулардын, педагогдордун жана адистердин саны өсөт, алар менен электрондук тармактар боюнча өз ара байланышуу мейкиндиги кенейет.

Качан гана билим берүү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун дистанттык формасы:

- альтернативдүү күнүдүзгү формада квалификацияны жогорулатуу (дистанттыкта E-mail, реалдык режим «chat» өз ара аракеттенишүү, Net Meeting жана башкаларды пайдалануу менен);

- жогоркуну өз алдынча мүнөздөгүчтөр менен кошумчалоо качан кээ бир лекциялар көмөкчү катары, нормативдүү база угуучуларга электрондук тармактар боюнча жөнөтүлөт;

- күндүзгү - дистанттык (мында күндүзгү сабактардын бөлүгү дистанттык сабактар менен салыштырылат).

Билим берүүнүн ар бир деңгээли, угуучуларга (курстарга катышуучуларга) бир жагынан ар кандай телекоммуникациялык мүмкүнчүлүктөрдү, экинчи жагынан катышуучулардан бирдей деңгээлде Интернет тармагын колдонууну талап кылат.

Бирок, белгилүү билим берүү жараянынын жыйынтыктуулугу педагогдун өздүк жетишүүсүнөн бир топко көз каранды, (берилген шартта дистанттыктан) алсак: билим берүү мейкиндигин кантип түзөт жана анда окуучулардын өз ара байланышын кандай уюштурат, өзү үчүн кандай нормаларды кабыл алат.

Квалификацияны дистанттык жогорулатуу программасынын психологиялык – педагогдук өзгөчөлүктөрү /3-4/.

Квалификацияны жогорулатуу кандай идея боюнча түзүлөт? «Квалификацияны жогорулатуу» бул идеяны практикада ишке ашырылышы кандайча жүрөт?

Кавлификацияны жогорулатуунун учурдагы системасын түзүүгө негизделген идея – дистанттык окутуу угуучулардын таанып-билүү жана чыгармачылык активдүүлүгүн (рефлексивдик, аналитикалык, изилдөөчүлүк, коммуникативдүүлүк) билим берүү мейкиндигин башкача түзүү аркылуу жөнгө сала алат.

Берилген идеяны ишке ашыруу көптөгөн шарттардан көз каранды.

Идеяны жолго коюда төмөндөгү ойлорду айтууга болот:

1. Илимий-усулдук иш чараны иштеп чыгуу жана апробациялоо:

   -дистанттык квалификацияны жогорулатууну (ДКЖ) түзүү жараянынын негизи;

- ДКЖнун концепциялар системасы;

- ДКЖнун моделин түзүүнүн методологиясы;

- ДКЖнун технологиялары жана методикалары;

- дистанттык формада курстук даярдоонун мазмуну;

- дистанттык курстардын системасы жана аны ишке ашырууда эң бир оптималдуу (ойготөп) технологиялары;

-күндүзгү жана дистанттык окутуучуларга оптималдык формалардын жана ыгы менен колдонуунун дал келүүчүлүгү;

- курстук даярдоону камсыз кылган элктрондук жана иш кагаз формаларындагы окуу материалдары жана илимий методикалары;

2. Маалымат – мотивациялык жумуштар: окутууга үндөгөндөрдү электрондук дарек, E-mail жана Web-Internet тармактар системасынын жардамы менен издөө: жарнак (реклама) компаниясын жүргүзүү тууралуу аткарылуучу иштер.

3. Дистанттык педагогдорду атайын даярдоо;

4. Билим берүү серверин түзүү (иштеп чыгуу), ДКЖнун системасын камсыздоо үчүн анын техникалык жана педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана колдоо;

5. Жер-жерлерде диагностикалык ишмердүүлүк: билим алууга ынтызарларды табуу; телекоммуникациялык режимде билим берүү жараянын камсыз кылуу үчүн райондордо жана айылдарда техникалык ресурстарды аныктоо;

6. Экспериментти керектүү материалдык-техникалык база менен камсыздоо;

7. ДКЖнун ишмердүүлүк системасын укуктук (юридикалык) жактан камсыз кылуу.

Квалификацияны жогорулатуу курстарынын жыйынтыгын диагностикалык инструмент болгон: текшерүү тапшырмалары, тестер, анкеталар, иштеп чыгуудагы аткарылуучу иш чаралардын жардамы менен баалоого болот.

ДКЖнун курстарын иштеп чыгуу жана долбоорлоодо концептуалдык жоболор.

1. Окутуунун жетишкендиги угуучулардын дистанттык курстун мазмунуна ээ болуу мотивдеринин болгондугунан көз каранды болот.

2. Окуу мейкиндигинде өнүгүүдөгү педагогикалык чөйрөнү түзүү - өз ара байланышуунун өзгөчө мейкиндиги, анда катышуучу окутуучу менен өздүк (жекече), телекоммуникация тармагында бир-бири менен баарлаша алат.

3. ДКЖ курстарында эң негиздүүсү угуучунун жекече тажрыйбалык сезим талдыгын, билгичтигин топтоо.

4. ДКЖ курстары окуу мейкиндигинде рефлексия ишмердигинин этаптар боюнча аткарылышында, окуучулардын жаңы тажрыйбага ээ болууда инструменталдык (критерийдик) талабынын өнүгүшүнө алып келет.

Дистанттык окутуу – системалык максатка ылайык багытталган билим берүү, анда окутуучунун жайгашкан жеринен кандайдыр бир аралыкта аткарылат. Мында окутуу жана билим берүү жараяны мейкиндикте гана эмес, ошондой эле убакытта бөлүнгөн.

Окуу жараянын уюштурууда негизги алынуучу позициялар /4-5/.

1. ДКЖ системасында окуу жараяны төмөнкүдөй уюштурулушу керек;

- ага катышуулар эмоционалдык аракетке ээ окуялардан болушу керек;

-катышуучулардан жүрүп жаткан окуяларды элестетүү талабын чакыруу;

- окуучуларга керектүү билимди өз алдынча жөндөөнү стимулдаштыруу, жекече - таасирдүү педагогикалык билгичтикте билимдерди жөндөө;

- керектүү билимдердин негизин минималдуу берүү, ишмердүүлүктүн ыкмаларын көйгөйлүү педагогикалык ситуацияда тариздөө:

- профессионалдык мааниси бар педагогикалык билгичтикти өнүктүрүү үчүн шарт түзүү.

2. Окуу жараянын уюштуруу жетектөөчү позицияга негизделет: курстун алакасында окуу ишмердиги берилүүчү билимдин ишмердүүлүк ыкмаларына адекваттуу болушу керек. Мисалы, окутуучунун эмпатикалык жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү маалыматты, көнүгүүлөрдүн көптүгү жана педагогикалык миниатюралар аркылуу берүү, анда катышуучулар активдүү катышат, өзүнүн ой-жүгүртүүсүн жана  абалын сезет, кабыл алат, таң калат, өзүн жоготот, кайгырат; көйгөйлүү-издөөчү маалыматтар жөнүндөгү окууга кирүүдө катышуучулардын көйгөйлүк ситуацияларын жана маселелерди чечүү, чыгармачылык менен иштеп чыгууларды түзүү аркылуу берилет; коммуникатив-иш алып баруунун теориялык позициясы, окуу жараянында диалог жана баарлашууну уюштуруу аркылуу берилет.

Илимий-билим берүүнүн Интернет-ресурстарынын көлөмүнүн өсүшү, адамзаттын дүйнөлүк маданий-тарыхый жетишкендиктерине кирүүгө мүмкүнчүлүк алуу билим берүүнүн мазмунун өзгөртөт. Дистанттык талдоонун формаларын жана билим берүүнүн мазмунун бир түзүлүшкө алып келүү, бирдиктүү маалымат булагына таянып колдонууга мүмкүнчүлүк берет, мында потенциалдык билим берүү чөйрөсү бир топко кеңейет.

Дистанттык окуу жараянынын эвристикалык түзүүчүсү электрондук телекоммуникациянын жардамы менен аткарылуучу интерактивдик принциптердин негизинде ишке ашырылат. Мисалы, дистанттык сабактарды өткөрүүдө Chat-формаларды пайдалануу жөндөмдүү окуучуга жана окутуучуга бир эле убакта бир нече виртуалдык класста болуп, окууну күндүзгү билим алууга салыштырмалуу интенсивдүү (чамдуу) мүмкүнчүлүк ала алат. Бул учурда абдан өзгөчө болушу мүмкүн, эгерде качан дистанттык окуучулардын группалык жумушу Chatтын бөлүнгөн бөлмөлөрүндө угуучулар менен бирдикте уюштурулса.

Дистанттык окутуунун алдыдагы чыгармачылык багытында окутуу жараяны, анын мүнөзү, катышуучулар менен педагогдордун өз ара байланышуу өзгөчөлүктөрү, үйрөнүлүүчү темалардын “өтүүнүн” индивидуалдык траекториясы, көрсөтүлүүчү жыйынтыктардын стандарттык жана жалпы жеткиликтүү айырмачылык даражасы бааланат.

**Жыйынтыгы**

Аймактарда дистанттык билим берүү аркылуу квалификацияны жогорулатуу абдан көйгөйлүү жана орчундуу маселе б.э. Себеби азыркы учурда компьютердик технология , Интернет тармактары жана телекоммуникация каражаттары күндөн-күнгө өнүгүүгөдө жана эбегейсиз зор мүмкүчүлүктөргө жетишүүдө. Ошондуктан, талапка ылайык өндүрүштүн жетишкендиктерин пайдаланып, жайылтып жана ишке киргизип, дистанттык квалификацияны жогорулатуу өтө маанилуу зарылчылыкта турат.

Белгилүү, квалификацияны жогорулатуу шаараларда атайын түзүлгөн борборлорго алыскы райондордон, айылдардан мектептин мугалимдери, ишкана жетекчилери чакыртылып өткөрүлүп келе жатат. Алып карасак, ар бир мектеп, мекеме акыркы муундагы компьютерлер менен жабдылган, ошондой эле Интернет тармактарына кирүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Эгерде жогоруда айтылгандарды керектүү убагында пайдалансак канча деген акча каражаттаы сарпталбай экономдолмок жана келип - кетүү убарачылык жоюлмак, ошондой эле иштөө убакыттары текке кетмек эмес. Ар бир адис өзүнүн иш ордунда эле дистанттык билим алуу жолу менен квалификациясын жогорулатуу мүмкүкчүлүгүнө ээ болмок.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев О.Т., Бабаева Н.М., Өмүрканов Т.А. Дистанттык (аралыктан) билим берүүнүн негизги өзгөчөлүктөрү жана артыкчылыктары //Изв.вузов. – 2010. – № 4.
2. Абдылдаев О.Т., Өмүрканов Т.А. Дистанттык билим берүүнүн педагогикалык негиздери // Изв.вузов. – 2011. – № 1.
3. Капуста Л.В., Литвиненко А.М. Исследование и анализ основных особенностей, достоинств и недостактов дистанционного обучения.
4. Полат Е.С. Дистанционное обучение: Учебное пособие. – М.: Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 1998.
5. Чошанов М.А. Гибкая технология проблемно-модульного обучения: Метоидичеоское пособие. – М.: Народное образование, 1996.